КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

БАРСКООН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА

ИСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ БАРСКООНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Барскоон айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин
XXIX -чакырылышынын II-кезексиз сессиясынын
ТОКТОМУ**

2024-жылдын 10-декабры **№ 16** Барскоон айылы

**110-кВ тышкы таратуучу түзмөктөрдү куруу үчүн жер аянтын бөлүп берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34-беренесине жана Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 19-беренесине жана "Жаргылчак Энерджи" ЖЧК кайрылуусуна ылайык, Барскоон айыл өкмөтүнүн жер, муниципалдык менчик, жайыт жана айыл чарбасы боюнча башкы адиси И.Исашовдун сунушун угуп талкуулап, жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. "Жаргылчак Энерджи" ЖЧК кайрылуусу боюнча 110-кВ тышкы таратуучу түзмөктөрүн куруу үчүн Барскоон айыл аймагынын Барскоон айылынын №246-чөйрө сызыгында жайгашкан 650 кв.м айыл чарба багытындагы жайыт жеринен бөлүнүп берилсин.
2. Бөлүнүп берилген жер аянтынын багытын "Айыл чарба багытындагы жерлер категориясынан" Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер" категориясына которуу (трансформациялоо) боюнча тиешелүү иштерди алып баруу жагы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы А.Т.Асанбаевге тапшырылсын.
3. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин расмий веб-сайтына жайгаштырылып, юстиция органына мамлекеттик-укуктук актылар реестрине киргизүү үчүн жиберилсин.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө муниципалдык менчик, жер жана агрардык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **Ажыбеков Ч.А.**

Жиберилди: айылдык кеңештин иш кагаздарына 1-нуска, юстицияга -2 нуска, айыл өкмөтүнүн иш кагаздарына -1 нуска, баардыгы – 4 нуска